**БИРИККЕН**
**УЛУТТАР УЮМУ**

**ЭКОНОМИКАЛЫК**
**ЖАНА**
**СОЦИАЛДЫК КЕҢЕШ**

Distr.
GENERAL

CEP/AC.13/2005/3/Rev.1
23 March 2005

ENGLISH/ FRENCH/ RUSSIAN

**ЕВРОПА ЭКОНОМИКАЛЫК КОМИССИЯСЫ**

ЭКОЛОГИЯЛЫК САЯСАТ БОЮНЧА КОМИТЕТ

Курчаган чөйрөнү коргоо жана билим берүү министрликтеринин өкүлдөрүнүн жогорку деңгээлдеги кеңешмеси
(Вильнюс, 2005-жылдын 17-18-марты)
(Күн тартибинин 5 жана 6 пункттары)

# ТУРУКТУУ ӨНҮГҮҮ КЫЗЫКЧЫЛЫГЫНДАГЫ БИЛИМ БЕРҮҮ ҮЧҮН БУУ ЕЭКтин СТРАТЕГИЯСЫ

**Жогорку деңгээлдеги кеңешмеде кабыл алынган**

**Көйгөйдү көрө билүү**

Биздин перспективаны көрө билүүбүз – бул аймактардын бирдиктүү тилектештик баалуулуктарын жактаган элдердин, өлкөлөрдүн жана муундардын өз ара бирдейлиги жана өз ара сыйлашууну көрө билүүсү. Мындай аймактар үчүн экономикалык жашоо жөндөмдүүлүгүн, акыйкаттыкты, социалдык бириккендикти, курчаган чөйрөнү коргоо жана жаратылыш байлыктарын туруктуу башкаруу, аны менен азыркы муундун талаптарын канааттандыруу, ошондой эле бул иш-аракет менен келечек муундун өз талаптарын канааттандыруу мүмкүнчүлүктөрүнө доо кетирбөөнү камсыздаган туруктуу өнүгүү мүнөздүү.

Билим берүү адамдын укуктарынын бири болгондугунан тышкары да туруктуу өнүгүүгө жетишүүнүн жана чечимдерди кабыл алууга жана демократияны өнүктүрүүгө негизделген натыйжалуу башкаруунун маанилүү куралы катары эсептелет. Ушундай жол менен туруктуу өнүгүү кызыкчылыгындагы билим берүү биздин ой максаттарыбызды (көрө билүүбүздү) иш жүзүнө ашырууга жардам берет.

Туруктуу өнүгүү кызыкчылыгындагы билим берүү өздүк пикири бар болуусуна жана туруктуу өнүгүү кызыкчылыгында чечим кылуусуна жол берген өзүнчө жактарды, топторду, коомчулукту, уюмдарды жана өлкөлөрдү өнүктүрөт жана күч-дараметин чыңдайт. Ал элдин көз карашын өзгөртүүгө жардам берип, биз жашаган дүйнөнү коопсуз, саламат жана гүлдөгөн, аны менен бирге жашоо сапатын жакшыртууга жардам берет. Туруктуу өнүгүү кызыкчылыгындагы билим берүү сын көз менен ой жүгүртүүгө жана маалыматтуу болууну жогорулатууга жардам берет, ошондой эле жаңыча мамилени жана концепцияны иштеп чыгууга, аларды иш жүзүнө ашыруунун жаңы ыкмаларын жана каражаттарын өнүктүрүү мүмкүнчүлүктөрүнүн кеңейишин камсыз кыла алат.

## Киришүү

1. Стратегияны даярдоо үчүн мандат БУУ ЕЭК аймактарынын курчаган чөйрөнү коргоо министрлеринин «Европа үчүн курчаган чөйрө» аттуу бешинчи Конференциясындагы билдирүүлөрүндө аныкталган (Киев, 2003-жылдын май айы). Стратегияда аймактын өзүнөн жана дүйнө жүзүнөн топтолгон тажрыйба камтылган. Ал ошондой эле билим берүү, илим жана маданият (ЮНЕСКО) боюнча Бириккен Улуттар Уюмунда даярдалган туруктуу өнүгүү кызыкчылыгындагы Бириккен Улуттар Уюмунун Он жылдык билим берүү планынын долбоорунун негизги жоболорун ишке ашыруу, Он жылдыкты аймактык деңгээлде өткөрүү үчүн аларга толук ылайык келет жана тартууга негиз болуп берет, ошондой эле туруктуу өнүгүү боюнча Бүткүл

дүйнөлүк жолугушуунун чечимин жогорку деңгээлде ишке ашыруу үчүн чоң салым болуп эсептелет.

2. Стратегия Өкмөт, билим берүү мекемелери, БӨУ жана БУУ ЕЭК аймактарынын кызыкдар мүчөлөрү катышкан өнөктүк процессинин негизинде иштелип чыккан.

3. Бул стратегия туруктуу өнүгүү кызыкчылыгындагы билим берүүгө өтүүсүнө жардам берүүсү керек (ТӨБ) жана БУУ ЕЭК аймагында бул процессти кубаттоо менен биздин бирдиктүү көрө билүүбүздүн практикалык ишке ашышына салым кошуу керек.

4. БУУ ЕЭК аймагына маданий ар түрдүүлүккө бай, ар кандай социалдык-экономикалык жана саясий шарттары бар өлкөлөр кирет. Туруктуу өнүгүүнүн перспективасы жашоо мүнөзүнүн өзгөрүшүнөн тиешелүү деңгээлде көз каранды жана керектөө жана өндүрүү түзүмдөрү, ошол эле учурда алар жакырчылык масштабын кыскартуу маанилүү маселе болуп жаткан өлкөлөрдүн керектөөсүнө сый менен кароого байланышкан.

5. Стратегияны аймакта ишке ашыруу үчүн шарттар гана эмес, аны жүзөгө ашыруу зарылчылыктары да бар. Аймактын көптөгөн өлкөлөрүндө адис педагогдор иштеген, башталгыч билим алуу менен камсыздалган жана бардыгы үчүн билим алууга бирдей укуктуулук принциби сакталган, сабаттуулуктун жогорку деңгээлине жетишишкен, илимий мүмкүнчүлүк түзүлгөн жана жарандык коомчулуктун катышуусу алдын ала каралган. Бирок ТӨБ принциптеринин натыйжалуу ишке ашуусунун жаңы маселелерин чечүү милдети турат. Билим берүү системасынын деңгээлин көтөрүү зарыл, аны менен ТӨБдүн сабак аралык мааниси эске алынып, жарандык коомчулукту кеңири тартуу жана шайкеш институционалдык жана материалдык-техникалык колдоолорду мобилизациялоо керек.

## I. МАКСАТТАР ЖАНА МИЛДЕТТЕР

6. Бул Стратегиянын максаты - БУУ ЕЭКке мүчө-мамлекеттердин өнүгүшүн жана ТӨБдү бардык тийиштүү окуу сабактарынын чегинде өздөрүнүн формалдуу билим берүү системасына, ошондой эле бейформал билим берүүгө жана агартууга тартууну колдоодо турат. Мындай мамиле элдерди туруктуу өнүгүү тармагындагы билимдер жана

атайын машыгуулар менен куралдантып, алардын ишбилгилигин жана өзүнө ишенимдүүлүгүн, ошондой эле алардын табият менен таттуу мамиледе болуусу, сергек жашоо жана натыйжалуу жашоо мүнөзүнүн мүмкүнчүлүктөрүнүн шайкештигин кеңейтет жана социалдык баалуулуктар, гендердик теңчилик, ошондой эле маданий көп түрдүүлүк тууралуу кам көрөт.

7. Бул Стратегиянын ушул максаттарды жүзөгө ашырууга салым
кошо турган милдеттери болуп:

а) саясат механизмин, ченемдик-укуктук базаны жана уюштуруу негиздери ТӨБкө кызмат кылуусун камсыз кылуу;

б) туруктуу өнүгүүгө формалдуу жана бейформал окутуу жана агартуу аркылуу менен жардам кылуу;

в) педагогдор өздөрүнүн өтүп жаткан сабагында туруктуу өнүгүү маселелерин кошуп бере турган билим алуусу;

г) ТӨБ боюнча окуу каражаттары жана окуу-усулдук куралдары менен камсыз болууну жеңилдетүү.

Д) ТӨБ жана ТӨБдү өнүктүрүү тармагындагы илимий изилдөөлөр менен жардам кылуу.

Е) БУУ ЕЭК аймак чегинин бардык деңгээлдеринде ТӨБ тармагындагы кызматташтыкты бекемдөө.

## II. ТАРТУУ

8. Стратегия кызыкдар болгон БУУ ЕЭКке мүчө-мамлекеттер тарабынан кабыл алынат. Аймактан тышкары мамлекеттер дагы аны байкоого чакырылат.

9. Стратегия өкмөттөргө даректелип, анда саясатты иштеп чыгуу жана педагогдордун жана башка кызыкдар тараптардын билим берүүгө жана окутууга туруктуу өнүгүү маселелерин кошуу боюнча ишчараларды даярдоого тиешелүү негиздеме жана сунуштама камтылган. Туруктуу өнүгүү кызыкчылыгындагы билим берүүдө жергиликтүү, субулуттук, улуттук жана аймактык шарттарды эске алуу зарылчылыгы болгондуктан, ал өлкөдөн жана билим берүү тармагына байланыштуу туруктуу өнүгүүнүн түрдүү аспектилерди ар кандай жол менен берүү мүмкүнчүлүгүн жөнгө салат. Стратегия өлкөнүн аймагы үчүн анын ишке ашуусуна алардын конкреттүү керектөөлөрү менен шарттары

эске алынып кабыл алынган өлкө артыкчылыгы жана демилгелер таасир кылган ийкем негиз катары кызмат кылат.

10. Стратегия мекеме аралык, көп кырдуу кызматташтыкты жана өнөктүктү тартып, аны менен ТӨБкө материалдык жана элдик ресурстарды кошууну стимулдаштырат.

11. Стратегияга «Билим берүү жалпыга: биздин жалпы милдеттерди аткаруу» деген документтин негиз болуучу жоболору киргизилген.

12. Стратегияда көп кырдуу жаратылышты коргоо жана башка байланыш, билим берүү, коомчулукка катышуу жана анын маалыматтуулугун жогорулатуу тармагындагы ылайыктуу макулдашуу жоболорунун ишке ашышын колдойт. Ал ошондой эле коргоо чөйрөсү жана өнүктүрүү боюнча 10-Рио-де-Жанейрей декларациясын, Орхус конвенциясын, Бириккен Улуттар Уюмунун миң жылдык Декларациясын өнүктүрүү максаты жана чечим кабыл алуунун ачык-айкындуулук процессин тартуу жолу менен сапаттуу билим берүү концепциясын, коомчулуктун катышуусун алдын ала караштырган жана анын алдында жоопкерчилукту, ошондой эле эл мүмкүнчүлүктөрүн кубаттоону көздөйт.

## III. ПРИНЦИПТЕР

13. Өзгөрүп жаткан «Туруктуу өнүгүү» (ТӨ) түшүнүгүнүн маанисин карап чыгуу талап кылынат. Ошондуктан туруктуу коомдун өнүгүшү окутуунун үзгүлтүксүз процесси, проблемаларды жана кайчы пикирлерди изилдөө катары түшүнүлүп, туура жооптор жана чечимдер тажрыйба топтоо деңгээлине жараша өзгөрүлөт. ТӨБ алкагындагы окутуунун максаты терең билим берүүнү, атайын машыгууларды өнүктүрүү, интеллекти өстүрүү, турмуштук позициянын калыптанышын жана баалуулуктарды камтыш керек.

14. ТӨБ али дагы өз ара байланышкан экологиялык, экономикалык жана социалдык проблемаларды камтуу менен бардыгын кучагына алып калыптанууда. Ал өнүгүүнүн кенен чөйрөсүнө багытталган экологиялык билим берүү концепциясын кубаттоодо. ТӨБ ошондой эле өнүгүү проблемасы боюнча билим берүүнүн ар түрлүү элементтерин

жана билим берүүнүн башка тематикалык формаларын камтыйт. Ошондуктан экологиялык билим берүү зарыл жана аны өнүктүрүү керек, ошондой эле башка тармактардагы комплекстүү мамиле кылуу билимдери менен туруктуу өнүгүү кызыкчылыгындагы билим берүүнү толукташ керек.

15. ТӨнүн негизги темасы болуп көбүнчө жакырдыкты кыскартуу, жарандуулук, тынчтык, жүрүм-турум маданияты, аймактык жана глобалдуу контексттеги жоопкерчилик, демократия жана башкаруу, адилеттүүлүк, коопсуздук, адам укугу, саламаттык сактоо, гендердик теңчилик, маданий көп түрдүүлүк, айылдык жана шаардык райондорду өнүктүрүү, экономика, өндүрүш жана керектөө түзүмдөрү, чогуу жоопкерчилик, курчаган чөйрөнү коргоо, жаратылыш ресурстарын башкаруу, ошондой эле биологиялык жана ландшафт көп түрдүүлүгү эсептелет. ТӨБ алкагында ушундай көп түрдүү темаларды кароо бирдиктүү мамиле кылууну талап кылат.

16. ТӨБдү жүзөгө ашырууда төмөндөгү тармактарды кароо керек: баштапкы билим берүүнү жакшыртуу, туруктуу өнүгүү багытындагы билим берүүнү кайра багыттоо (карап чыгуу), коомчулуктун маалыматтуулугун жогорулатуу жана адистик даярдыкты кубаттоо.

17. ТӨБ алкагында ар кандай маданиятты сыйлоого тарбиялоо жана аларды түшүнүү зарылчылыгы бар, ошондой эле алар кошкон салымдарды жазып жарыкка чыгаруу керек. Жергиликтүү элдердин маанисин баамдап жана аларды билим берүү программасын иштеп чыгуу процессинде өнөктөш катары тартыш керек. Салттуу билимди ТӨБдүн курамдык бөлүгү катары жетишкендиги боюнча баалоо жана сактоо керек.

18. Бардык деңгээлдердин мүчөлөрүнүн системалуу, сын жана чыгармачылык ой жүгүртүүсүн жана жашоого мамилесин өнүктүрүүнү кеңейтиш керек. Алар жергиликтүү жана глобалдуу проблемаларды чагылдыруусу абзел; мунун бардыгы туруктуу өнүгүү кызыкчылыгындагы ишмердүүлүк үчүн зарыл шарттардан болуп саналат.

19. ТӨБ – бул бала чактан баштап жогорку билимдүү болгонго чейин жана чоңдорго билим берүүнүн, ошондой эле формалдуу билим берүүнүн чегинен чыгып өмүр бою созула турган процесс. Жашоо мүнөзү жана жашоо багыттары баалуулук системасы болгондуктан жаш кезден калыптанат, өзгөчө балдарга билим берүүдө өзүнчө орунду ээлейт. Окутуу биз жашообузда ар түрдүү милдеттерди кандай аткарып жатканыбызга байланыштуу жүрөт, ал эми ТӨБ жашоо чөйрөсүндөгү бардык элементтерди камтыган процесс катары карайт. Аны бардык деңгээлдеги окуу программаларына, адистик билим берүүнү, педагогдорду даярдоону жана адистер, жетекчилер үчүн үзгүлтүксүз билим берүүнү кошуп негизги кылып киргизүүгө жетишиш керек.

20. Жогорку билим тиешелүү билим көрөңгөсүнүн жана иш билгилигинин калыптануу процессинде ТӨБкө олуттуу салым кошушу керек.

21. ТӨБ процессинде ар кандай жергиликтүү, улуттук аймактык шарттарды, ошондой эле глобалдуу жана жергиликтүү кызыкчылыктардын ортосундагы тең салмактуулукка жетишкен глобалдуу контекстти көңүлгө алуу керек.

22. ТӨБ ошондой эле билим берүү мүмкүнчүлүгүн кубаттоо жана анын сапатын жогорулатуу жолу менен айылдык жана шаардык райондордун өнүгүшүнө салым кошо алат. Бул айыл жана район элине өзгөчө пайда алып келээр эле.

23. Жүрүм-турум аспектисине теңчилдик, азыркы жана келечек муундардын тилектештиги жана өз ара көз карандылыгы, ошондой эле адам менен табияттын, жакырчылык менен байлыктын өз ара байланышын кошуп кароо туруктуу өнүгүү концепциясынын борборунда болуп келет жана бул ТӨБ үчүн өтө маанилүү болуп эсептелет. Жоопкерчилик сезими этикадан (жүрүм-турумдан) ажыратылгыс жана ТӨБ үчүн практикалык мааниге ээ болот.

24. Формалдуу ТӨБ мазмунунда топтолгон социалдык тажрыйба жана мектептен тышкары иштер органикалык түрдө

айкалышат. ТӨБкө тартылган педагогдор бул процесске жардам берүүдө жана окуучу менен студенттин, бир жагынан бийлик жана жарандык коомдун ортосундагы диалогдун кеңейишинде маанилүү рол ойнойт. ТӨБдүн мындай багыты билим берүү системасынын коомдон четтеп кетүүсүнөн чыгууга мүмкүнчүлүк берет.

25. ТӨБ баарлашуудагы өз ара сыйлашуу маданиятынын өнүгүшүнө жана чечимдерди кабыл алуу процессинин аркасы менен маалыматты берүүгө гана багытталган ыкмалардын аралашкан басымынын окутуунун жигердүү ыкмаларын кеңири жайылтуу болуп жаткан демилгелерди киргизет. Ушуга байланыштуу ТӨБдүн саясат калыптануусундагы жана диалогдун, комплекстүү мамилеге негизделген чечимдердин кабыл алынуусундагы салымын баалаш керек. Ошондой эле ТӨБдүн коомчулук катышуусуна негизделген, көбүнчө анын коомдогу карама-каршылыктарды чечүү жана адилеттүүлүккө жетишүү, аны менен бирге жергиликтүү «XXI кылымга күн тартиби» сызыгы боюнча демократиялык башаттарды өнүктүрүү жана күчөтүүдөгү ролун эске алыш керек.

26. ТӨБкө көп кырдуу кызматташтыкты жана өнөктүктү тартипке келтирүү талап кылынат. Анын негизги субьектилери болуп өкмөт жана жергиликтүү башкаруу органдар, билим берүү жана илим секторлору, саламаттыкты сактоо сектору, жеке сектор, өнөржай, транспорт жана айыл чарбасы, профсоюз, массалык маалымат каражаттары, бейөкмөт уюмдар, ар кандай коомчулуктар, жергиликтүү эл жана эл аралык уюмдар саналат.

27. ТӨБкө көп кырдуу жаратылыш коргоо макулдашууларын чагылдырууну жана ТӨгө тиешелүү ылайык келген эл аралык макулдашууларды табуу керек.

## IV. БИЛИМ БЕРҮҮГӨ ТААСИР БЕРҮҮ

28. ТӨБ негизги көңүлдү проблемаларды иштеп чыгууга камсыздалган билимди жана тиешелүү чечимдерди издеп табууну кайра багыттоого бурууну талап кылат. Мындай жол

менен билим берүүдө айрым сабактарды өтүүдө салттуу басымды сактоо керек, ошол эле убакта реалдуу жашоонун кырдаалдарын көп кырдуу жана сабак аралык талдаган мүмкүнчүлүктөрдү ачуу зарыл. Мунун бардыгы окуу программаларына жана окутуу ыкмаларынын структураларына педагогдордон өткөрүп бере турган топ ролунан таптакыр, ал эми мүчөлөрдөн – алуучулардан таптакыр баш тартуусун талап кылып таасир бериши мүмкүн. Муну менен бирге аларга биргеликте аракет кылуусу керек.

29. Формалдуу билим берүү мекемеси бала чактагы жөндөмдүүлүктүн өнүгүшүндө билим берүү менен жана турмуштук позициясы жана жүрүм турумунун калыптануусуна таасир берүү менен маанилүү рол ойнойт. Бардык окуучулар жана студенттер ТӨ жөнүндө тиешелүү билимдерди алуусуна жана туруктуу өнүгүүгө карама каршы келген чечимдердин таасири тууралуу маалыматтуу болуусуна жетишишибиз зарыл. Ар бир билим берүү мекемелери окуучуларды жана студенттерди, окутуучуларды, администраторлорду жана башка кызматчыларды, ошондой эле ата-энелерди бүтүндөй кошуп ТӨ принциптерин карманышы керек.

30. Бейформал билим берүү тармагындагы ишмердүүлүктү жана маанилүү элемент болгондуктан ТӨБ алкагындагы агартууну, кошумча формалдуу билим берүүнү, чоңдорду окутуу планын дагы арткы орунга калтырбай колдоо көрсөтүү маанилүү болуп эсептелет. Бейформал ТӨБ мүчөлөрдүн керектөөлөрүнө көбүрөөк багытталгандыктан, окутуунун жигердүү ыкмаларын колдонуу жана өмүр бою машыгууну жакшыртууга жардам берүүдө өзгөчө рол ойнойт. Жумуш орундарындагы агартуу жумуш берүүчүлөрдөй эле жалданып иштөөчүлөрдүн дагы адистешүүсүнө жардам берет. Ошол себептүү ТӨБдүн бардык формасына тартылган ар түрдүү субьектилердин ортосундагы кызматташтыкты таанып билүү жана аларга дем берүү керек.

31. Шайкеш алгачкы адистик даярдык жана педагогдорду кайра даярдоо, алар үчүн тажрыйба алмашуу мүмкүнчүлүгүн түзүү ТӨБ ийгилигин камсыз кылуунун бирден-бир жолу болуп эсептелет. Туруктуу өнүгүү боюнча, көбүнчө алардын

ишмердүүлүгүнө тиешелүү ТӨ аспектилери тууралуу жогорку маалыматтуулукка жана терең билимге ээ болуу менен педагогдор мыкты билим бере жана өз мисалында үйрөтө алат. Адистик даярдыкты ТӨ тармагындагы илимий-изилдөө иштеринин тиешелүү жыйынтыктары менен тыгыз байланыштырыш керек.

32. Ийгилик окутуу сыяктуу эле ТӨБ тармагындагы билимди окуу китептеринен үйрөнүү жана ал анын мазмунунан, сапатынан жана окуу-усулдук материалдарга байланыштуу болот. Бирок мындай материалдар бардык эле өлкөлөрдө жок. Бул көйгөй формалдуу билим берүүнүн бардык сектору үчүн, ошондой эле бейформал окутуу жана агартуу үчүн да актуалдуу. Ушундан улам мындай зарыл керектүү материалдарды иштеп чыгуу жана нускасын көбөйтүү милдети турат. Формалдуу жана бейформал билим берүү системасындагы окуу-усулдук материалдардын мазмунунун бирдиктүүлүгүнө түрткү берүү керек. Муну менен аларды ТӨ тематикасына ылайык жана аймактык мүмкүнчүлүктү түзүү милдети турат.

33. ТӨБ натыйжалуу болуш үчүн:
А) эки аспектиде каралыш керек: 1) ТӨБ темаларынын бардык тиешелүү окуу сабактары, программалары жана курстары биригүүсү аркылуу; 2) сабактарды конкреттүү тематикалык программалар жана курстар боюнча уюштуруу аркылуу;
Б) туруктуу жүрүм-турумдун калыптануусуна, көбүнчө билим берүү мекемелеринде, иш оруңдарында, үй-бүлөдө жана коомдо жардам берүүчү окутуунун позитивдүү тажрыйбасына өзгөчө көңүл буруу керек;
Г) педагогикалык коомчулуктун жана башка кызыкдар тараптын ортосунда кызматташтыкты жана өнөктөштүктү бекемдөө керек. Жеке сектордун тартылуусун күчөтүү жана билим берүү процессиндеги өнөржай технологиянын күн санап өнүгүүсүнө жана эмгек шартынын өзгөрүүсүнө байланышкан көйгөйлүү маселелердин чечилишине жардам берет. Окуу процессинин жана коом турмушунун ортосундагы тыгыз байланышты иретке келтирүү мүчөлөргө кошумча практикалык тажрыйба алуусуна көмөк берет;

Д) Глобалдык, аймактык, улуттук жана жергиликтүү экологиялык көйгөйлөрдүн маанисин турмуштук циклды түшүндүрүү жолу менен аңдоого жардам берүүгө жана негизги көңүлдү курчаган чөйрө таасирине гана эмес, социалдык-экономикалык натыйжаларга дагы курчаган чөйрөнүн табигый сыяктуу эле антропогендик да өзгөрүшүнө буруу керек;

Е) Окутуу ыкмаларынын, көбүнчө жигердүү ыкмаларды, конкреттүү багыттарга арналган ыкмаларды жана мүчөлөрдүн керектөөлөрүнө ылайыкталган чечимдерди табуунун кеңири түрүн колдонуу керек. Башка салттуу ыкмалар көбүнчө дискуссияны пайдаланууда, концепциялык картты жана кабыл алуу картын түзүүдө, дүйнөгө философиялык ой жүгүртүүдө, баалуулук категорияларын ажырата билүүдө, негизги жана тууроочу оюндарда, өнүгүү сценарийлерин даярдоодо, үлгүлөөдө, оюндарда, маалымат-коммуникациялык технологияларда (МКТ), изилдөө жүргүзүүдө, тематикалык иликтөөлөрдө, саякаттарда жана класстан тышкары иштерде, мүчөлөр иштеген долбоорлорду даярдоодо, алдыңкы тажрыйбаны талдоодо, өндүрүштөн алынган тажрыйбаны үйрөнүүдө жана көйгөйлөрдү чечүүдө керек.

Ж) Тиешелүү окуу материалдарын методологиялык, педагогикалык жана дидактикалык басылмалар сыяктуу китептер, көрсөтмө куралдар, китепчелер, тематикалык иликтөөлөр жана алдыңкы тажрыйба мисалдары, электрондук жана аудио-видео каражаттар менен чыңдоо керек.

34. Өкмөт бейформал окутууга жана агартууга, маалыматтуу жарандардын жана кабардар керектөөчүлөрдүн туруктуулукту алардын тандоосу жана аракети аркылуу жергиликтүү «XXI кылымга күн тартибин» кошуп камсыздоо боюнча ченемдерди жүзөгө ашыруунун маанилүү факторлору болуп саналгандыктан аларга колдоо көрсөтүүсү керек.

35. Бейформал окутуу жана агартуу коомчулуктун маалыматтуулугун жогорулатуу программаларын кошуп, социалдык-экономикалык жана экологиялык көйгөйлөрдүн ортосундагы байланыштарды жергиликтүү жана глобалдуу

деңгээлдерде убактылуу перспективаны кошо жакшылап түшүнүүгө багытталышы керек. Коомчулук, үй-бүлө, массалык маалымат каражаттары жана БӨУ ТӨ тууралуу коомчулуктун маалыматтуулугун жогорулатуу боюнча ишмердүүлүктүн негизги субьектиси болуп саналат.

36. Бейөкмөт уюмдар (БӨУ) жарандык коомдун укуктарынын жана мүмкүнчүлүктөрүнүн кеңейүү процессине айтарлык таасир тийгизер, ошондой эле илимий билимди, маалыматты жеңил түшүнүү үчүн фактыларды жалпылоого жана кайра иштеп чыга аларлык агартуу жана бейформал окутуу алкагында өздөштүрүлгөн баалуу билим булактары болуп саналат. Өкмөт жана коомчулуктун кеңири чөйрөсү ортосундагы ортомчу катары жүргөн алардын ишине колдоо көрсөтүү жана жардам берүү керектигин моюндашыбыз керек. БӨУ, өкмөт жана сектор ортосундагы өнөктөштүк ТӨБгө ар тараптан жөлөк-таяк болот.

37. Массалык маалымат каражаттары – керектөөчүлөрдүн тандоосуна багыт берүүчү эбегейсиз күч жана жашоо мүнөзү, өзгөчө балдардын жана жаштардын арасында. Милдет аларды «ноу-хауга» мобилизациялоодо жана ишенимдүү маалыматты көрсөтүү үчүн каналдарды бөлүштүрүүдө, ошондой эле туруктуу өнүгүү маселеси боюнча маанилүү билдирүүлөрдү жасоодо турат.

38. Эмгекчилердин бардык категориясы туруктуулукту камсыздоого салымды жергиликтүү, аймактык жана улуттук деңгээлдерде кошо алышат. Адистерди даярдоо үчүн адистештирилген программаларды иштеп чыгуу адистер жана жетекчилердин ТӨгө жардам кылуу кызыкчылыгындагы билимдерге жана машыгууларга ээ болуу максатында туруктуу өнүгүү кызыкчылыгындагы билим берүүнүн маанилүү жана чечүүчү компоненттеринин бири катары аныкталды.

39. Ушундан улам адистик жана үзгүлтүксүз билим берүү өзгөчө маанилүү рол ойноору белгилүү жана ушуга байланыштуу ал жетекчилер жана бардык адистер, биринчи кезекте ким пландоо жана башкаруу иштери менен шугулданса ошолор үчүн уюшулушу керек. Ал билимдин

калыптануусуна жана ТӨ тууралуу маалыматтуу болууга багытталышы керек. Үзгүлтүксүз билим берүү эки негизги тармакка бөлүнөт: а) билимдин жана атайын машыгуулардын деңгээлин жогорулатуу; б) башка адистиктер жана башка шарттарда иштөө үчүн зарыл болгон жаңы квалификацияга ээ болуу. Үзгүлтүксүз окутуу билим берүү сектору менен кызыкдар тараптардын жана бүтүндөй коомчулуктун ортосундагы кызматташтыктын пайдалуу бир тармагы катары белгилүү.

40. Даярдоо программасына ТӨнүн негизги темаларын киргизиш керек жана ар түрдүү тармактагы адистердин керектөө убактыларын алардын иш тармагында бул темалардын актуалдуулугун эске алуу керек. Өзгөчө көңүлдү конкреттүү тармактагы адистердин негизги милдет топтору менен байланышкан сабактарга жана алардын ишмердүүлүгүнүн таасири менен социалдык-экономикалык шарттарга жана курчаган чөйрөнүн абалына буруу керек.

41. ТӨБдүн мындан аркы туруктуураак коомду курууга багытталган кайра куруу программасына кирүүсү үчүн билим берүүнүн өзү кайра түзүлүшү керек. ТӨБкө оң таасирин тийгизе турган илимий изилдөө иштерин колго алуу керек. Илимий изилдөө жана иштеп чыгуу тармагындагы кызыкдар тараптардын ортосундагы тыгыз кызматташтык жана өнөктүктүн көйгөй ачкычын таап аны жаңы билимдердин жардамы менен чечкенге чейин жана аларды элге жеткирүү жана пайдаланууга чейин иретке салуу керек. Илимий изилдөөлөрдүн жана иштеп чыгуулардын жыйынтыгын аймактык жана глобалдык деңгээлдерде алмашууну жүргүзүү, ошондой эле аларды билим берүү системасынын ар түрдүү тепкичтеринде жана практикалык иштерде колдонууну камсыздаш керек.

## V. ИШКЕ АШЫРУУНУ УЮШТУРУУНУН НЕГИЗДЕРИ

### 1. Улуттук жана мамлекеттик деңгээлдерде ишке ашыруу

42. Бул Стратегиянын иш жүзүнө ашышына ар бир мамлекет жоопкерчиликтүү. ТӨ принциптерин билим берүүнүн бардык системасынын алкагында колдонуу үчүн бардык башкаруу деңгээлдеринен жигердүү саясий колдоо талап кылынат. Ушул максаттан улам бардык өлкөлөр бул Стратегиянын текстин өздөрүнүн жана расмий тилдерине, зарылчылыгына жараша аз улуттуу элдердин тилине да которуусун камсыздоо, ошондой эле аны бийликтин тийиштүү органдарынын арасына жайылтуу жана координаторлорду даярдоо сунушталат.

43. Стратегияны натыйжалуу ишке ашыруу анын жоболорун стратегиянын пландоосуна киргизүү максатында инвестициялык ишмердүүлүктүн жана мамлекет башкаруунун жана жергиликтүү башкаруу органдарынын билим берүүнүн бардык деңгээлдеринде жана билим берүү мекемелеринин бардык түрлөрүнүн жана уюмдардын зарылчылыгын туудурат. Ошол эле убакта ишке ашыруу процессинде башка тиешелүү мамлекеттердин кош тараптуу жана көп кырдуу демилге көтөргөн өз ара жөндүү аракеттерин координациялоону камсыздоо керек. Укуктук, экономикалык жана коммуникациялык куралдар ар бир мамлекеттин конкреттүү кырдаалдарына ылайыкташышы керек. Ушундай жол менен өлкөлөр өздөрүнүн мыйзамдарын, саясатын жана уюштуруу мүмкүнчүлүктөрүн эске алып тийиштүү жоболорду жүзөгө ашырат.

44. Өлкөлөр өздөрүнүн аракеттеги милдеттерин сүйлөшүү түрлөрүнө, билим берүү жана коомчулукка мүчө болуу, ошондой эле маалыматтуулукту жогорулатуу жана ТӨБ алкагында алардын ырааттуу иш жүзүнө ашыруу максатында эл аралык жаратылышты коргоо жана ушул сыяктуу макулдашууларда бекитилген жоболорго ылайык аныктап алуусу керек.

45. Билим берүү секторунда ар түрдүү өлкөлөрдө ар кандай ченемдик-административдик системалар менен регламенттелген көптөгөн субьекттер, ишмердүүлүктөр иштейт. Андан башка ал ар түрдүү социалдык статусу бар ар түрдүү жаштагы элдерге багытталган. Милдет саясатты калыптандыруу процессин реформалоодо жана ишеним принцибиндеги билим берүү секторун уюштуруу негиздеринде, коомдун бардык топторунун кызыкчылыктарын эске алууда, ошондой эле өзүн-өзү баалоону кубаттоодо

турат. Формалдуу, бейформал жана агартуу иштерине жооптуу жактар бул Стратегиянын ишке ашуусу үчүн башка тиешелүү мамлекеттик бийлик органдары менен кызматташышы керек.

46. Бардык тиешелүү мамлекеттик органдардын чоң жоопкерчилигин жана негизги ролун кызматташтыкты башкаруунун туура механизми катары баалашыбыз жана бекемдешибиз керек. Көбүнчө, билим берүү министрлиги жана курчаган чөйрөнү коргоо кызматташтыкты ишке ашыруу жана ТӨнүн саясаттагы көйгөйлөрдү мындан ары бириктирүүнү демилгелөө жана кубаттоо иштерин, формалдуу билим берүү системасынын бардык деңгээлдериндеги программаларды жана окуу пландарын, ошондой эле Стратегиянын ишке ашуусун баалоону жүргүзүүнү башкаруусу керек. Ошол эле учурда башка мамлекеттик бийлик органдары менен, ошондой эле кызыкдар тараптар менен, көбүнчө экономиканын өнүгүүсүнө жооп берүүчү органдар менен тыгыз жана натыйжалуу кызматташтыкты иретке салуу керек.

47. Стратегияны мамлекеттик деңгээлде ишке ашыруучу механизм зарыл, ошондой эле маалымат алмашуу жана ар түрдүү субьектилердин катышуусу менен өнөктүк бирликтерди кызыктыруу керек. Чечүүчү факторлордун бири болуп туруктуу өнүгүү боюнча кеңештин же ар түрдүү сектордун адистерин бириктирген башка тиешелүү органдардын камкордугундагы «ТӨБдүн улуттук платформасын түзүү» саналат.

48. Стратегияны жүзөгө ашыруудагы негизги элементтердин бири болуп улуттук (мамлекеттик) аракет пландары саналуусу керек. Өлкөлөр уюштурууну белгилөө жөнүндө чечим кабыл алуусу керек жана аларга улуттук аракет планынын долбооруна жоопкерчилик жүктөлөт.

49. Улуттук аракет планы катышуу принциптерине негизделген мамилелерди эске алуу менен иштелип чыгуусу керек. Ушундай жол менен бардык тиешелүү кызыкдар тараптарды тартууну камсыздоо керек. Өлкөдөгү кырдаалды сөзсүз эске алуу керек. Өлкөлөрдүн өздөрүнүн керектөөлөрү, саясат жана программалардан улам, мүмкүн, өздүк артыкчылыктарын жана Стратегиянын графигин ишке ашырууну эске алуусу- ушул баптын жобосу, бул иштин багыты катары кызмат кылат эле. Улуттук аракет

пландарында ишмердүүлүктүн түрлөрү, ишчаралар, болжолдуу график, ишке ашыруу каражаттары жана баалоо куралдарын кароо милдеттери каралуусу керек.

### 2. Ишмердүүлүк тармагы

***Саясат механизми, ченемдик-укуктук база жана уюштуруу негиздери ТӨБдүн кеңейиши чүн таяныч катары кызмат кылуусун камсыздоо керек***

50. Саясат, мыйзамдар, уюштуруу негиздери жана окуу пландары ТӨБдү өз кучагына алып жана ага таяныч катары кызмат кылышы керек. Бул максатка жетүүнүн ачкычы болуп: ТӨБ боюнча билим берүүнүн бардык деңгээлдеринде негизги документти кабыл алуу; мекеме аралык жана көп кырдуу кызматташтыкты кызыктыруу, кеңеш берүүчү механизмдерди киргизүү зарылчылыгында; ТӨ принциптерин окуу программаларына билим берүүнүн бардык деңгээлдеринде адистик курстарды киргизүү өзгөчө окутуучуларды баштапкы даярдоо процессинде; ТӨ окуу жайларын башкарууга багытталган билим берүү базасынын материалдык базасын чыңдоо, ошондой эле табигый, экономикалык, саясий жана сабак аралык сыяктуу адистештирилген изилдөөлөрдүн алкагындагы коомдук илимдер ортосундагы байланышты бекемдөө саналат. Сабак аралык, көп сабактуу жана адистештирилген изилдөөлөрдү жүргүзүүдө тийиштүү балансын камсыздоо керек.

**Формалдуу, бейформал окутуунун жана агартуунун алкагында ТӨнү жогорулатуу**

51. Формалдуу билим берүү мекемесинин, ошондой эле коомчулук, үй-бүлө, массалык маалымат каражаттары жана БӨУ аркылуу ТӨ тууралуу коомчулуктагы маалыматтуулукту жогорулатууну кубаттоо керек.

52. Туруктуу өнүктүрүү тармагында билимди жогорулатуу үчүн негизги профессионалдык машыгуулар менен ар дайым иштөө зарыл. Бул жогоруда аталган үзгүлтүксүз билим берүү менен иштөө элдердин жана мисалы: мамлекеттик

администрация , жеке секторлор, өндүрүштөр, транспорт жана айыл-чарба жана башка тармактардагы адамдардын бүтүндөй өмүрүндөгү үйрөнүүнүн бир бөлүгү болуп саналат. Топтолгон жаңы билимдер жана жаңы адистердин машыгууларын колдонуу зарылчылыгы канчалык көптөгөн тармактагы атайын билимдер үзгүлтүксүз өнүктүрүү процессинде болсо дагы мурдагыдай эле өтө зарыл нерселер боюнча калууда.

53. Бул максатка жетүү үчүн ишке ашыруунун башталгыч багыты болуп төмөндөгүлөр эсептелиниши мүмкүн:
Массалык маалымат каражаттар башкармалыгы, пландаштыруу тармагында иштегендер, адистер үчүн атайын адистерди кошуп, үзгүлтүксүз билим берүүнүн чегинде ТӨгө байланыштуу окутууну өткөрүү үчүн мүмкүнчүлүктөрдү берүү;
ТӨ тармагында маалыматташтырууну жогорулатуу боюнча иш-аракеттерин коомчулуктун деңгээлинде өткөрүүгө көмөк көрсөтүү жана жогорулатуу; БӨУ менен болгон кызматташтыкты өнүктүрүү жана алардын билим берүү сферасындагы иш-аракеттерине көмөк көрсөтүү; бейформал жана формалдуу билим берүү мекемелер аралык кызматташтыкты, андан сырткары агартуучулук иш-чараларды жогорулатуу;
ТӨнүн көйгөйлөрү боюнча дискуссияларды өткөрүү, коомчулуктун кеңири чөйрөсүн тартуу жана маалыматтуу кылуу боюнча массалык маалымат каражаттарынын иш-аракеттерин жогорулатуу болуп эсептелет.

**Билим берүү секторундагы кызматчылардын квалификациясын жогорулатуу максаты менен аларды ТӨБкө тартуу**

54.Туруктуу өнүктүрүү кызыкчылыгында, мугалимдерде, жетекчилерде жана билим берүү түзүмүнүн деңгээлинде билим берүү жөнүндө өзүнүн маалыматын жогорулатуу талаптары бар. Ушуга байланыштуу бардык деңгээлдеги формалдуу жана бейформал билим берүүдө компетенттүүлүк күчүн жумшоо зарыл.

55. Бул максатка жетүү үчүн башталгыч багыт болуп төмөнкүлөр эсептелет:

ТӨ жөнүндө алардын маалыматтуулугун жогорулатуу боюнча администраторлор үчүн иш-чара уюмдарын кошуп, билим берүү түзүмүндөгү кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу демилгеси; ТӨБ тармагындагы адистик билимдердин аттестациясы боюнча критерийлерди иштеп чыгуу; бейформал билим берүү шартында жана формалдуу билим берүү мекемелердин чегинде ТӨ кызыкдар түзүм башкармалыгын өнүктүрүү жана тартуу; бардык деңгээлдеги билим берүүдөгү мугалимдерди кайра даярдоо жана даярдоо программаларына ТӨгө тиешелүү маселелерди кошуу; мугалимдерди, ошону менен бирге бейформал билим берүү жана агартуу чөйрөсүндөгү кызматкерлерди жогорулатуу, тажрыйба алмашууларды жүргүзүү.

**ТӨБ үчүн окутууга зарыл болгон каражаттар жана окуу-усулдук материалдардын жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу.**

56. Өзүнчө окуп билим алуу, жана бардык деңгээлдеги атайын билим алуулар жана жалпы курстардын чегинде, ТӨБ үчүн окуу-усулдук материалдарга муктаждыктар (керектөөлөр) жана жергиликтүү шарттарга көнүү жана иштеп чыгуу талап кылынат.

57. Бул максатка жетүүнүн негизги багыты болуп төмөндөгүлөр эсептелет:
профессионалдуу даярдыктар жана бардык деңгээлдеги билим берүү түзүмүндөгү илимий кызматкерлер, катышуучулар, мугалимдер үчүн жарыкка чыккан окуу-усулдук материалдар жана иштеп чыгуу демилгелери жана биринчи иретте жергиликтүү тилдер; аудио, видео жана мультимедиялык каражаттар, электрондук колдонуулар жана жогорулатууну иштеп чыгуу. Андан сырткары маалымат алмашуу жана окутуунун көрсөтмөлүүлүгү; ТӨБгө тиешелүү маалымат ресурсунда электрондук каражаттын жардамы менен Интернетке кирүү мүмкүнчүлүгүн жеңилдетүү; агартуу жана формалдуу жана бейформал окутуу үчүн белгиленген бир түрдүү окуу усулдук каражаттар менен камсыз кылуу; маалыматты жайылтуу үчүн ылайыктуу стратегия иштеп чыгуу;

***ТӨБ тармагындагы илимий изилдөөлөргө жана ТӨБ өнүгүүсүнө жардам көрсөтүү***

58. Маалыматтык- коммуникациялык технологияга тартуу, өнүктүрүү жана мектептик, институттук баалуулуктарды жана турмуштук багыттарды түзүү, аспаптардын баалары ошону менен бирге натыйжалуу методдук окутуу тармагында илимий изилдөөлөрдө жана ар кандай тармактарда ТӨБдү иштеп чыгуу боюнча керектөөлөр бар. ТӨБ тармагындагы изилдөөлөр жана иштеп чыгуулар ТӨБ өнүгүүсү үчүн дайыма негиз болушу керек.

59. Илимий изилдөөнүн жыйынтыгы жана иштелиши жергиликтүү, аймактык жана глобалдуу деңгээлде бардык катышуучуларга жайылтылышы жана ар кандай түзүмдүк билим берүү тепкичтеринде колдонулушу керек.

60. Бул максатка жетүү үчүн башталгыч багыттар болуп үйрөнүүнү демилгелөө жана кубаттоо, ошондой эле төмөнкү маселелерди иштеп чыгуу боло алмак: ТӨБдүн жана окутуу жана үйрөтүү усулдарынын мазмуну; ТӨБдүн экономикалык натыйжасы жана ага дем берүүлөр; ТӨнүн ар кандай багыттарын бириктирүүгө мүмкүндүк берген илимий изилдөөлөргө биринчи кезекте көңүл бөлүү менен ар түрдүү окуу сабактарына жергиликтүү контекстти эсепке алуу менен ТӨнүн аспекттерин кошуу варианттары; ТӨБдүн кызыкчылыгындагы көрсөткүчтөр жана баалоо куралдары, ошондой эле илимий изилдөөлөрдүн жыйынтыктары жана өткөрүлүп берилүүчү тажрыйбанын үлгүлөрү менен алмашуу.

## 3. <u>Эл аралык кызматташтык</u>

61. Туруктууу өнүгүү кызыкчылыгындагы билим берүү жаатындагы кызматташтык өзүнчө өлкөлөрдө ТӨБдү жакшыртууга жана чыңдоого жардам кылуудан тышкары өз ара түшүнүүчүлүккө жетишүүгө, ишенимдин бекемделишине жана маданий баалуулуктарды сыйлоого үйрөтүүгө жана ошону менен эл аралык жана өлкөлөр аралык достук мамилелерин жөнгө салууга жана тынчтыкты чыңдоо жана жыргалчылыкты көтөрүү ишине салым кошууга мүмкүндүк бермек.

62. Аймактын деңгээлинде Стратегияны жүзөгө ашыруу процессин кароо жана жеңилдетүү жана ТӨБ жаатындагы кызматташтыкка колдоо көрсөтүү зарылчылыгы бар. Аймактык процесстин алкагында ТӨБ жаатындагы глобалдуу демилгелерге салым катарында карала турган Бириккен Улуттар Уюмунун туруктуу өнүгүү кызыкчылыгындагы билим берүүнүн Он жылдыгын өткөрүү менен байланыштуу болуп жаткан башка окуяларды да эсепке алуу керек.

63. Аймактык билим берүү чөйрөсүндө жана биринчи кезекте жогорку билим берүү чөйрөсүндө эл аралык кызматташтык жаатында чоң тажрыйбага ээ. Билим берүү жаатындагы бир катар улуттук жана субаймактык тармактар, жумушчу топтордун жана университеттердин ассоциациялары, программалар жана өнөктөштүк бирикмелер туруктуу өнүгүү менен байланышкан көйгөйлөрдү чечүү жолдорун издеп табуу максатында билим берүүнүн көп сабактуу формаларын өнүктүрүү боюнча ишке киришти. Максаты кантип ТӨБдү кубаттоо максатында алардын тажрыйбасын жана дараметин натыйжалуураак колдоно алабыз дегенде жатат. Дагы бир милдети болуп али эл аралык деңгээлде керектүү орун ала албаган ТӨБ менен байланышкан маселелер боюнча изилдөөлөрдү жүргүзүү болуп эсептелет. Мындан тышкары мектепке чейинки жана мектептеги билим берүү чөйрөсүндө ТӨБ маселелери боюнча Эл аралык кызматташтыкты жөнгө салуудагы зарылчылык бар.

64. ТӨ жана ТӨБ менен байланышкан маселелер боюнча тажрыйба жана өткөрүлүп берилүүчү практика алмашуу үчүн билим берүү чөйрөсүнүн, ошону менен бирге мамлекеттик кызматкерлердин, педагог жана илимий кызматкерлердин, ошондой эле башка кызыккан катышуучулардын катышуусу менен аймактык жана субаймактык форумдарды өткөрүүгө артыкча көңүл бөлүнүшү керек.

65. ТӨБдүн көп кырдуу мүнөзү кызматташтыктын башталыштарында Стратегияны жүзөгө ашыруу боюнча иш үчүн педагогикалык коомдун өкүлдөрүнөн тышкары башка кызыккан эл аралык катышуучулардын чакырылышын талап

кылат. Бул биринчи кезекте ТӨ жаатындагы ар түрдүү категориядагы адистердин жана жетекчилердин билим деңгээлин жана даярдыгын көтөрүү максатындагы эл аралык кызматташтыкка тиешелүү.

66. БУУ ЕЭКтин аймагынын ар түрдүү бөлүктөрүндө топтолгон тажрыйбанын жана болгон муктаждыктардын планында өзүнүн өзгөчүлүктөрү бар. Субаймактык кызматташтыкты чыңдоо керек. Ал эми ал болсо бул аймак үчүн биринчи кезектеги мааниге ээ болгон көйгөйлөрдү чечүү боюнча биргелешкен иш жүргүзүү мүмкүнчүлүгүн берет жана өлкөлөрдүн жагымдуу практикалык жыйынтыктарга жетүүсүнө жардам берет.

67. Ар кандай субаймактык керектөөлөргө кошумча баалоо өткөрүү талап этилет. Чыгыш Европанын, Кавказдын жана Борбордук Азиянын (ЧЕКБА) жана Түштүк-Чыгыш Европанын өлкөлөрүнө, алардын экономикалык билим берүү жана туруктуу өнүгүү кызыкчылыгындагы билим берүү жаатындагы негизги көйгөйлөрүн чечүүгө өзгөчө көңүл бөлүү керек. Мындай көйгөйлөргө канааттандыраарлык окуу-усулдук материалдардын жетишпестиги, жогорку билим берүү жана илимий-изилдөө институттарынын мүмкүнчүлүктөрүн толугу менен колдонбоо, дасыккан педагогдордун жетишпестиги жана жетишээрлик эмес маалымдалуу, ошондой эле ТӨБ маселелери боюнча мекеме аралык жана көп жакту кызматташтыктын жетишээрлик эмес өнүгүүсү. Түштүк-Чыгыш Европа жана ЧЕКБА өлкөлөрүндө чечилүүгө тийиш болгон бир көйгөй болуп айыл жерлеринде жашаган балдарга берилип жаткан билимдин сапатынын канааттандыраарлык эместиги жана бул аймактарда ТӨБдү өнүктүрүү үчүн каржы жана Адам ресурстарынын жетишпестиги эсептелет. Ошентип, өткөөл экономикалуу өлкөлөрдө дараметти өстүрүү жана ТӨ жаатындагы билим берүү, илимий-изилдөө жана маалымат-үгүттөө программаларга каржылык колдоо көрсөтүүнүн маанилүү көйгөй деп табылышына өкмөт, тиешелүү уюмдар жана донорлор тарабынан көңүл бурулушу керек.

68. Башталгыч багыттар болуп төмөнкүлөр боло алмак: ТӨБ жаатында иштеген аймактык жана субаймактык

союздардын жана тармактардын чыңдоо жана тажрыйба алмашуу программаларын, эки жактуу кызматташтык жана өнөктөштүк бирикмелерди сыйлоо; зарылчылыкка карай юридикалык жактан милдеттендирилүүчү эл аралык документтерди, ошону менен бирге Орхус конвенциясын жана ТӨ жөнүндө маалыматтуулукту жогорулатууга багытталган башка тийиштүү келишимдерди колдонуу; ТӨБга тиешелүү көйгөйлөрдү чечүү өткөрүлүп берилүүчү практика жана тажрыйба, жаңы ишке ашыруулар жөнүндө жана кызматташтыкты, мисалы, ИКТ жана БУУ ЕЭКтин вебсайтынын каражаттарын колдонуу жолу менен, өнүктүрүүнүн улуттук тажрыйбасы жана долбоорлору жөнүндө маалымат алмашууга жардам кылуу; ТӨБдү тийиштүү эки жактуу жана көп жактуу программаларга киргизүү; ТӨБ боюнча БЭУ жана башка ири бирикмелердин эл аралык кызматташтыкка катышуусу жана алардын кубатталышы; ТӨБ жаатындагы маалымдалууну көтөрүүгө багытталган Эл аралык чараларды сыйлоо жана координация; жана тажрыйба алмашууну сыйлоо.

69. Аймактык деңгээлде натыйжалуу башкарууну жана байланыштарды камсыз кылуу үчүн ТӨБ боюнча БУУ ЕЭКтин мүчөлөрү болгон бардык мамлекеттерде жана тийиштүү эл аралык уюмдарда координаторлорду дайындоо керек. Билим берүү жана курчаган чөйрөнү коргоо секторунун (же башка тийиштүү секторлордун) өкүлдөрүнөн турган жетектөөчү комитет Стратегияны жүзөгө ашыруу боюнча кезектеги ишти өткөрүү үчүн уюм түзүлсө болмок. «Курчаган чөйрө Европа үчүн» деген процессинин механизмин ТӨБ боюнча аймактык кызматташтык үчүн өнөктөштүк платформа катары колдонула алмак, ал эми БУУ ЕЭК экологиялык саясат боюнча Комитети- Комитеттин иш программасына ылайык Стратегияны жүзөгө ашыруунун жүрүшүн карап чыгуу үчүн орган катары.

70. Өздөрүнүн «Курчаган чөйрө Европа үчүн» деген конференцияларында министрлер, балким, улуттук жана башка тийиштүү докладдардын негизинде Стратегияны жүзөгө ашыруу боюнча иштин жүрүшүн талкуулоону ылайыктуу деп табышат. Муну менен катар экологиялык иштин жыйынтыктуулугунун обзорлоруна ТӨБ жаатындагы

тийиштүү өлкөлөрдүн аракеттеринин анализин кошууга болот.

## 4. Жоопкерчилик функциялары жана чөйрөлөрү

71. Өкмөттөр өз өлкөлөрүндө Стратегияны жүзөгө ашырууда кубаттоо жана жардам көрсөтүү ишинде активдүү роль ойношу керек. Алар баалоо жүргүзүшү керек жана үзгүлтүксүз негизде башкаруунун бардык деңгээлинде Стратегияны жүзөгө ашыруунун жүрүшүн байкап турушу керек.

72. Билим берүүнү башкаруу жергиликтүү органдарга жана формалдуу билим берүү мекемелерине Стратегиянын тийиштүү жоболорун ишке ашыруудагы жана аларды аткаруудагы көзөмөл үчүн жоопкерчиликти өз мойнуна алуу сунуш кылынат.

73. Тийиштүү кызыккан жактарга, жергиликтүү башкаруу органдарын, билим берүү жана илим секторлорун, саламаттыкты сактоо секторун, жеке секторун, өнөр жай, транспорт жана айыл чарба, профсоюздар, массалык маалымат каражаттарын, мамлекеттик эмес уюмдарды, ар түрдүү коомдоштуктарды, жергиликтүү элдер жана эл аралык уюмдар менен кошуп Стратегияны жүзөгө ашыруудагы өз артыкчылыктарын жана жоопкерчиликтин чөйрөлөрүн аныктоону жана кезектеги чараларды өткөрүүнү сунуштоо керек.

## 5. Каржылоо

74. Стратегияны жүзөгө ашыруу боюнча тийиштүү каржылык ишти камсыз кылуу аны ишке ашыруунун маанилүү алдын ала шарты болуп эсептелет. Стратегиянын максаттарына жетүү үчүн зарыл болгон жүзөгө ашыруу боюнча чараларга болгон чыгымдарды так баалоо жана бул салымдардын акталышын камсыз кылуу үчүн ТӨнын саясаты жана практикасы менен коомдун таанышуу процессиндеги билим берүүнүн баалуулуктарын түшүнүү олуттуу мааниге ээ. Билим берүүнү узак мөөнөттүү перспективада акталуучу салым катары кароо керек.

75. Чыныгы Стратегияны жүзөгө ашырууга кеткен чыгымдарды, чынында, ар бир өлкө тартат. Ушуга байланыштуу өкмөттөр тиешелүү ресурстардын болушун камсыз кылышы керек. Сунуш кылынып жаткан чаралардын көпчүлүгү билим берүү секторундага жүргүзүлүп жаткан иштин чектерине киргизилсе болмок. Айрым чараларды субаймактык жана аймактык долбоорлор түрүндө жүзөгө ашырса болмок.

76. Өкмөттөр билим берүүнүн бардык формаларынын чегинде ТӨБдү каржылоо үчүн, ошону менен бирге ТӨБ багыты боюнча стипендиялардын дайындалышын жана билим берүү мекемелеринде дараметти өстүрүү менен бюджеттик жана экономикалык сыйлоолорду колдонуу жөнүндөгү маселени карап чыгуулары керек. ТӨБдүн компонеттерин тийиштүү эки жактуу жана көп жактуу программаларга киргизүү үчүн аракет кылуу зарыл. Балким, эл аралык каржы мекемелерден жана жеке секторлордон колдоо алууга сыйлоо керек болгон өнөктөш бирикмелердин түзүлүшү Стратегияны жүзөгө ашыруунун биринчи этабында аймактын айрым бөлүктөрүнө, ошону менен бирге, ЧЕКБА өлкөлөрүнө жана Түштүк-Чыгыш Европа өлкөлөрүнө көрсөтүлүүчү каржылык жардам маанилүү жана бул өлкөлөрдө бул процессти баштоого жардам берет.

## 6. Жүзөгө ашырууну баалоо жана анын графиги

77. Стратегияны жүзөгө ашыруунун баалоосун жүргүзүү үчүн убактылуу чектерди аныктоо жана тийиштүү көрсөткүчтөрдү иштеп чыгуу керек. ТӨ кызыкчылыгында адамдардын аракет кылуу мүмкүнчүлүктөрүн кубаттоо билим берүүнүн сапаты жөнүндө маселеге жана аларды эсепке алуу жыйынтыгына келип такалат. ТӨнүн аспекттерин бардык формадагы жана бардык деңгээлдеги билим берүүгө киргизүү узак мөөнөттүү процесс болуп эсептелет жана ошентип, жыйынтыктарды баалоо узак мөөнөттүү перспективада гана жүргүзүлө алат.

78. Стратегияны жүзөгө ашырууну үзгүлтүксүз процесс катары кароо керек. Ушуну менен бирге анын ишке

ашышынын жүрүшүн баалоону жеңилдетүү үчүн аны жүзөгө ашыруунун үч этабын кароо сунуш кылынат:

а) I этап (2007-жылга чейин): жүзөгө ашырууну баалоо үчүн бекем негиз түзүү; ар бир мамлекет Стратегиянын чегинде келген кайсы ишти ал жүргүзүп жаткандыгын аныктоо сунуш этилет. Буга күндөлүк саясатты, укуктук уюштуруучулук негиздерди, билим берүү жаатындагы каржылоо механизмдерин, чараларды карап чыгуу, ошондой эле кайсы болбосун тоскоолдуктарды же чала иштелген иштерди табуу. ТӨнүн жүзөгө ашырылышын баалоо усулдарын жана көрсөткүчтөрүн, ошону менен бирге сапаттын параметрлерин дагы иштеп чыгуу зарыл. Өздөрүнүн «Курчаган чөйрө Европа үчүн» деген конференцияларында министрлер Стратегияны жактоочулугун көрсөтүшсө, анын ийгиликтерин белгилешсе, көйгөйлөрү жана кам көрүүлөрү жөнүндө ой бөлүшсө, ошондой эле өздөрүнүн улутттук/мамлекеттик Стратегияларын жүзөгө ашыруунун жүрүшү жөнүндө докладдарын беришсе жакшы болмок.

б) II этап (2010-жылга чейин): тиешелүү учурларды, Стратегиянын жоболорун практикасында жүзөгө ашыруу толук кандуу жүрүшү керек. Ушуга байланыштуу өлкөлөр өздөрүнүн тийиштүү улуттук/мамлекеттик Стратегиясын жүзөгө ашыруунун жүрүш обзорун жана зарылчылыкка карай алардын кайрадан каралышын жүргүзүшү керек.

с) III этап (2015-жылга чейин жана андан соңку): өлкөлөр ТӨБдү жүзөгө ашырууда олуттуу прогресске жетишиши керек.

79. Стратегияны жүзөгө ашыруу процессине багытталган баалоону жүргүзүүгө жана анын жүзөгө ашышынын көрсөткүчтөрүн аныктоого жардам кылуу максатында бир катар маселелерди карап чыгуу керек. Аларга, негизинен, төмөнкү блоктор кирет: Стратегиянын жүзөгө ашышына дем берген лидерлер жана координаторлорду аныктоо; саясий механизмдер, укуктук база жана уюштуруучулук негиздер Стратегиянын таянычы катары; өкмөт аралык жана көп

жактуу кызматташтыктын жана өнөктөштүктүн чектери; формалдуу билим берүүнүн окуу пландарынын жана программанын актуалдуулугу; ТӨ маселелери боюнча кадрлардын башталгыч жана үзгүлтүксүз даярдалышы, ошону менен бирге педагогодор да үчүн; ТӨБ үчүн окуу каражаттары жана окуу-усулдук жөлөкпулдар; ТӨБ боюнча изилдөөлөр жана иштеп чыгуулар; формалдуу эмес билим берүүнү жана агартууну өнүктүрүү; ошондой эле массалык маалымат каражаттарын тартуу жана окуучуларга таасир этүү.

**Эскертүү**

Маалымат үчүн эки маалымат документи сунуш кылынат: алардын биринчисинде ТӨнүн кызыкчылыгындагы билим берүү жаатындагы өтүп кеткен жана учурдагы эл аралык процесстер баяндалат (CEP/ AC.13/2004/8/Add.1), ал эми экинчисинде (CEP/ AC.13/2004/8/Add.2) Стратегияда колдонулуучу айрым терминдер такталып берилет.